**Ош эл аралык медициналык университети**
**Дарылоо иши факультети**
**ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШИНИН ОТУРУМУНУН**
№ 1 ПРОТОКОЛУ

08 10. 2025-ж.

Ош шаары

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: б.и.к., доцент Орунбаева Б.М.
Окуу-методикалык кеңешинин катчысы: окутуучу Танабаева А.К.

КАТЫШУУЧУЛАР:

Деканат, кафедра башчылары, Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы жана мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ:
1.Өз ара сабакка катышуу жана ачык сабактарды өткөрүү графигин бекитүү
2. Окуу-методикалык комплекстерди (УМК) иштеп чыгуу жана талкуулоо

УГУЛДУ:

1. Деканат жана кафедра башчылары тарабынан өз ара сабакка катышуу жана ачык сабактарды өткөрүү графиги сунушталды. Бул иш-чаралар окутуунун сапатын жогорулатууга жана тажрыйба алмашууга багытталгандыгы белгиленди.

2. Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы жана мүчөлөрү тарабынан окуу-методикалык комплекстерди (УМК) иштеп чыгуу жана алардын мазмунун талкуулоо маселеси каралды.

ТАЛКУУ:

**Сөзгө чыкты:**

**К.ф.н., доцент Юсупова Р.О.** - өз ара сабакка катышуу графигинин маанилүүлүгүн белгилеп, ачык сабактарды системалуу өткөрүү окутуунун сапатын жогорулатарын айтты. УМКларды иштеп чыгууда бирдиктүү талаптарды сактоо зарылдыгын баса белгиледи.

**Улук окутуучу Кочконбаева С.И.** УМКны даярдоодо дисциплиналар аралык байланышты күчөтүү керектигин айтып, практикалык сабактардын үлүшүн көбөйтүү боюнча сунуш берди.

**Окутуучу Абдуллаева Б.** өз ара сабакка катышуу графиги кафедралар ортосунда тажрыйба алмашууга жакшы мүмкүнчүлүк түзөрүн белгилеп, графикти так аткаруу зарылдыгын айтышты.

**Токтоназарова Н.Т.** окутуу процессин системалаштыруу жана УМКны бирдиктүү стандартка келтирүү боюнча методикалык көзөмөлдү күчөтүү керектигин белгилешти.

ТОКТОМ:
Өз ара сабакка катышуу жана ачык сабактарды өткөрүү графиги бекитилсин.
Графиктин аткарылышы кафедра башчыларынын көзөмөлүнө алынсын.
Окуу-методикалык комплекстерди (УМК) иштеп чыгуу жана талкуулоо иштери улантылсын.
УМКнын сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар эске алынсын.

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: ______________ /Орунбаева Б.М./

Катчысы: ______________ /Танабаева А./